ат. Айнура Салахидинова —

**МАХАБАТ**

с. Жылдызбек Турсунбаев
ж.б. Ирлан Таалайбеков

Капилет сен карасаң, мен да карап,
Каректе сезимдердин оту жанат.
Көктөмдө жайнап чыккан кызгалдактай,
Көңүлүм сүйүп калган сыяктанат.

***КАЙЫРМА:***

*Махабат – тунук мүрөк,*
*Махабат – сүйгөн жүрөк!*
*Маанисин билген жандар,*
*Мазмундуу өмүр сүрөт.*

*Махабат – улуу сезим,*
*Махабат – туура чечим!*
*Мен бүгүн махабатка,*
*Мас болуп турган кезим.*

Жанашпай бакытыма азыр ылдам,
Жанына жакындаймын акырындан.
Жанымды сыйкырлаган сымбатыңды,
Жашаймын чыгарбастан акылымдан.

***КАЙЫРМА:***